**2016-жылдын I жарым жылдыгында Кыргыз Республикасындагы керектөө бааларынын жана тарифтеринин өзгөрүшү тууралуу**

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча керектөө бааларынын 1,8 пайызга төмөндөшү катталды (2015-ж. январь-июнунда алардын өсүшү 0,2 пайызга белгиленген). Үстүбүздөгү жылдын I кварталында керектөө товарларынын жана тейлөөлөрүнүн бааларынын төмөндөшү 1,2 пайызды түздү, ал эми ү.ж. май жана июнунда алардын жогорулаганы байкалгандыгына карабастан ү.ж. II кварталында баалардын төмөндөшү - 0,6 пайызды түздү.

**1-график: Товарлардын жана тейлөөлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**

*(мурунку айга пайыз менен)*




Ушул жылдын I жарым жылдыгында керектөө бааларынын жана тарифтердин өсүүсү Ысык-Көл (1,9 пайызга) жана Чүй (0,2 пайызга) облустарында катталды. Муну менен бирге ү.ж. мартында алардын төмөндөшү Ысык-Көл облусунда (2,7 пайызга), ал эми Чүй облусунда ү.ж. январь жана мартында (0,2 пайызга) жана ү.ж. апрелинде (0,1 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) белгиленди.

**2-график: 2016-жылдын I жарым жылдыгындагы аймактар боюнча керектөө бааларынын өзгөрүшү**

*(пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөө -)*



Муну менен бирге ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары Ысык-Көл облусунда (1,8 пайызга) жогорулады, ал эми башка аймактарда алардын төмөндөшү байкалды. Ошондой эле алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баасы Ысык-Көл облусунда эң көп өлчөмдө (10,3 пайызга) жогорулады. Ошол эле мезгилде башка аймактар менен салыштырмалуу Чүй облусунда баалардын жана тарифтердин максималдуу өсүүсү азык-түлүктүк эмес товарларга (1,9 пайызга) жана тейлөөлөргө (4,4 пайызга) белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары (мурунку жылдын декабырына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча 4,9 пайызга төмөндөдү (2015-ж. I жарым жылдыгында - 3,5 пайызды түзгөн). Муну менен бирге үстүбүздөгү жылы тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын жогорулашы июнда мурунку айга салыштырмалуу - 0,4 пайызга байкалды.

“Нан азыктары жана акшак” тобуна тиешелүү болгон товарлардын баалары ү.ж январь-июнунда жалпы республика боюнча 6,5 пайызга төмөндөдү. Аймактык бөлүктө караганда нан азыктарына жана акшакка болгон баалар эң көп өлчөмдө Талас облусунда (11,5 пайызга мурунку жылдын декабырына салыштырмалуу) төмөндөдү.

2015-ж. августунан башталган унга болгон баанын төмөндөшү ү.ж. I жарым жыдыгында да байкалды. Ошентип ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу алар 8,9 пайызга төмөндөдү. Муну мене бирге биринчи сорттогу ундун баасы интенсивдүү (10,0 пайызга мурунку жылдын декабырына салыштырмалуу) төмөндөдү. Ал эми ү.ж. I жарым жылдыгында жогорку сорттогу ун 7,2 пайызга арзандады. Үстүбүздөгү жылдын июнунда орточо керектөө баасынын максималдуу деңгээли жогорку сорттогу унга (49,73 сом 1 килограмм үчүн) жана биринчи сорттогу унга (35,68 сом 1 килограмм үчүн) Ош облусунда катталды.

Ушул жылдын I жарым жылдыгында күрүчтүн баасы туруктуу төмөндөдү, ү.ж. июнунда 2015-ж. декабрына салыштырмалуу алардын төмөндөшү 8,0 пайызды түздү. Аймактык бөлүктө караганда ү.ж. январь-июнунда күрүчтүн баасы Баткен (1,5 пайызга) жана Жалал-Абад (0,7 пайызга) облустарында жогорулады.

Баалардын төмөндөшү менен бирге ү.ж. I жарым жылдыгында алардын жогорулашы гречка акшагына (18,6 пайызга) жана кургатылган нанга (4,8 пайызга) белгиленди. Муну мене бирге гречка акшагына болгон баа II кварталда жогорулап баштап (алардын өсүүсү 20,4 пайызды түздү), ал эми ү.ж. I кварталында анын баасы 1,5 пайызга төмөндөгөн. Кургатылган нандын баасы, тескерисинче, ү.ж. январь-июнь ичинде туруктуу жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жаңы союлган эттин баасы жалпы республика боюнча 6,8 пайызга төмөндөдү, ал эми май-июнда алардын 4,6 пайызга өсүүсү байкалган. Үстүбүздөгү жылдын май-июнунда баалардын жогорулашы эттин бардык түрүнө, алардын ичинен баалардын максималдуу өсүүсү кой этине (5,2 пайызга) жана уй этине (4,7 пайызга) катталды.

Аймактык бөлүктө караганда ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу жаңы союлган эттин баасынын жогорулашы (1,2 пайызга) жалпысынан Нарын облусунда катталды (муну менен бирге баалар эттин бардык түрүнө жогорулады). Кой этинин баасынын жогорулашы Нарын облусунан тышкары, Чүй (1,2 пайызга) жана Ысык-Көл (0,8 пайызга) облустарында, жылкынын эти - Жалал-Абад облусунда (13,4 пайызга), чочконун эти - Чүй облусунда (2,2 пайызга 2015-ж. декабрына салыштырмалуу) белгиленди. Үстүбүздөгү жылдын июнунда эң жогору орточо керектөө баа уй этине (312,10 сом 1 килограмм үчүн) Бишкек ш., ал эми минималдуу баа - 270 сом Токмок ш. катталды. Ошондондой эле ү.ж. июнунда эң төмөнкү орточо базар баа кой этине - 252,46 сом килограмм үчүн Токмок ш. катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында колбаса азыктарынын баасы жалпысынан 1,6 пайызга төмөндөдү, ал эми консерваланган эт азыктарынын баалары, тескерисинче, 1,4 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери сүт жана сүт азыктарынын баалары 8,6 пайызга төмөндөдү (ага болгон баанын жогорулашы Баткен облусунда 0,7 пайызга катталды). Үстүбүздөгү жылдын январында тооктун жумурткасына болгон баанын 2,0 пайызга

мурунку айга салыштырмалуу көтөрүлүшүнө карабастан ү.ж. июнунда 2015-ж. декабрына салыштырмалуу жалпы республика боюнча алар 9,7 пайызга төмөндөдү. Ошентип ү.ж. июнунда жумуртканын орточо керектөө баасы республика боюнча он даанасына 67,94 сомду түзсө, ал эми 2015-ж. декабрында - 75,19 сомду түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында сырдын баалары 3,4 пайызга төмөндөдү.

Ушул жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча өсүмдүк майынын баасы 3,2 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге ү.ж январь-июнунда баалардын жогорулашы күн карама (2,2 пайызга) жана пахта (3,8 пайызга) майларына Ысык-Көл облусунда байкалды. Ошондой эле пахта майынын баасы Ош (0,5 пайызга), Баткен (0,9 пайызга) жана Чүй (4,7 пайызга) облустарында, күн карама майынын баасы - Талас облусунда (бир пайызга) жогорулады.

Ушул жылы кумшекердин баасы республика боюнча ү.ж. январында (0,7 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жогорулады. Муну менен бирге ү.ж. июнунда ү.ж. декабрына салыштырмалуу ага болгон баалар 3,7 пайызга төмөндөдү. Аймактык бөлүктө караганда Баткен облусундагы кумшекердин баасынын ү.ж. июнундагы деңгээли мурунку жылдын декабрынын деңгээлинен 0,1 пайызга көбүрөөк болду. Муну менен бирге ү.ж. июнунда кумшекерге болгон максималдуу орточо керектөө баасы (57,04 сом 1 килограмм үчүн) Ош ш., ал эми минималдуу баа - Нарын облусунда (51,72 сом 1 килограмм үчүн) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери жаңы бышкан жемиштерге болгон баалар жалпы республика боюнча 0,6 пайызга жогорулады. Муну менен бирге ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу алманын баасы 27,6 пайызга жоголулады (ошентип, эгер 2015-ж. декабрында аларга болгон орточо керектөө баа 55,50 сом 1 килограмм үчүн түзсө, ал эми ү.ж. июнунда - 74,48 сом 1 килограмм үчүн түздү). Жаңы бышкан жемиштерге болгон баалар, тескерисинче, ушул жылдын I жарым жылдыгында төмөндөшү төрттөн бирине көп белгиленди.

Картошканын баасынын акыркы жогорулашы мурунку жылдын февралында (0,6 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) белгиленген, муну менен бирге ага болгон орточо керектөө баа 29,54 сом 1 килограмм үчүн түзгөн. Үстүбүздөгү жылы картошканын баасынын биринчи жогорулашы майда 27,1 пайызга катталды (орточо баа ү.ж. апрелиндеги 14,02 сомдон 17,75 сомго чейин 1 килограмм үчүн жогорулады). Үстүбүздөгү жылдын июнунда картошканын баасы 1,6 эсе жогорулады, бул картошканын жаңы түшүмүнүн байкоого алынышы менен шартталат. Муну менен бирге анын орточо керектөө баасы жалпы республика боюнча 27,60 сом 1 килограмм үчүн түздү.

Алкоголдук ичимдиктердин жана тамекилердин бааларынын өсүүсү ү.ж. башынан бери жалпы республика боюнча 2,7 пайызды түздү. Муну менен бирге ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу тамекинин баасы 6,2 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин баасы - 1,3 пайызга өстү. Белгилеп кетсек, тамекинин баасы 2013-ж. ноябрынан баштап туруктуу жогорулоодо.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында азык-түлүктүк эмес товарлардын баалары 0,4 пайызга төмөндөдү (2015-ж. январь-июнунда алардын өсүшү 4,3 пайызга белгиленди). Үстүбүздөгү жылдын I кварталында азык-түлүктүк эмес товарлардын бааларынын 0,2 пайызга жогорулашы байкалды (бул алардын ү.ж. мартында мурунку айга салыштырмалуу 0,2 пайызга төмөндөшүнө карабастан), ал эми ү.ж. II кварталында - алар 0,5 пайызга төмөндөдү. Азык-түлүктүк эмес товарлардын бааларынын ү.ж. I жарым жылдыгында жогорулашы Чүй облусунан (максималдуу өсүү катталган) тышкары, Нарын (1,2 пайызга), Ош (0,9 пайызга) жана Ысык-Көл (бир аз өлчөмдө) облустарында байкаллган.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында баалардын төмөндөшү газга (12,7 пайызга), турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн материалдарга (7,5 пайызга), көмүргө (6,7 пайызга), автомобилдерге (14,2 пайызга) катталды.

Күйүүчү-майлоочу материалдарга болгон баа 2015-ж. сентябрынан төмөндөшү башталып ү.ж. январь-мартында да төмөндөшү уланды. Ошентип ү.ж. I кварталында дизель майына болгон баа жалпы республика боюнча 17,3 пайызга, бензин - 15,8 пайызга төмөндөдү. Бирок апрелден баштап күйүүчү-майлоочу материалдарга болгон баалар

жогорулап баштады жана ү.ж. II кварталында баанын өсүүсү дизель майына 6,8 пайызды, бензинге - 6,3 пайызды түздү. Ага карабастан ү.ж. июнунда күйүүчү-майлоочу материалдарга болгон баа 2015-ж. декабрындагы деңгээлден 10,6 пайызга төмөн сакталып калды.

**3-график: I жарым жылдыктагы негизги топтордогу товарлардын жана тейлөөлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**

*(пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын башынан бери калкка көрсөтүлүүчү тейлөөлөргө болгон тарифтер жалпысынан 1,4 пайызга жогорулады, муну менен бирге ү.ж. I кварталындагыдай эле ү.ж. II кварталында алардын өсүүсү 0,7 пайызды түздү. Тейлөөлөргө болгон тарифтердин жогорулашы ү.ж. январь-июнунда республиканын бардык аймактарында катталды.

Тарифтердин орчундуу жогорулашы амбулатордук тейлөөдө (19,3 пайызга), почта тейлөөсүндө (13,0 пайызга), темир жол жүргүнчү транспорт тейлөөсүндө (8,7 пайызга) жана электрдик байланышта (4,6 пайызга) байкалды.

Муну менен бирге ү.ж. I жарым жылдыгында тарифтердин төмөндөшү чачтарач тейлөөсүндө - 4,7 пайызга, ресторан жана мейманкана тейлөөлөрүндө - 1,8 пайызга, эл аралык жүк ташууда - 1,7 пайызга, нотариалдык тейлөөдө - 1,6 пайызга жана маданий иш-чараларды уюштуруу тейлөөлөрүндө - 0,9 пайызга белгиленди.

Баалардын статистикасы бөлүмү